УДК:811.581:811.161.1
DOI: 10/35254/bhu/16948130_2021_55_85

Алтымышова Ж.,
К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети, окутуучу

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ СИМВОЛДУК ОБРАЗДАР

Кыскача мазмуну

Бул жазып жаткан макалада автор Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы символдук образдар боюнча кеңири көрсөткөн. Адабий чыгармаларда каармандарынын көп колдонулганы: текст менен, эпостогу жана драмалык тузулуштор. Жазуучулар символиканы түзүү белгилери менен бирге окурмандар менен сүрөттөлүштөрдү түзүүнүн аныксыздыгын, көбүрөөк колдонуусун белгилеп келишет. Чынгыз Айтматовдун чыгармаларындагы символдорду мисал катары колдонуп, автор сөздүн көркөм сүрөтчүсү катары улуттук жана дүйнөлүк адабий процесстин алдыңкы тенденцияларын чагылдыргандыгын көрсөтүп турат. Чыңгыз Айтматов өзүнүн каармандарынын символдук образдары жана аракеттери аркылуу үйрөтүп жаткан нерсе. Турмушту таанып билүүдөн улам табигый түрдө жаралган шарттуулук бара-бара көркөм сөз ээлери атайлап колдоно турган каражатка айланат. Жазуучу ага образ жаратууда чыгарманын сапатын арттыруу үчүн атайлап кайрылат.

Түйүндүү сөздөр: *символ, повесть, метафора, салт, жомок, трагедия.*

СИМВОЛИЧЕСКИЕ ОБРАЗЫ В ТВОРЧЕСТВЕ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА

Аннотация

В этой статье автор подробно описывает символические образы в творчестве Чингиза Айтматова. Наиболее часто используемые персонажи литературных произведений: текстовые, эпические и драматические конструкции. Наряду с признаками символизма авторы подчеркивают неопределенность и злоупотребление созданием изображений читателями. На примере символов произведений Айтматова автор показывает, что как художник слова он отражает ведущие тенденции отечественного и мирового литературного процесса. Этому учит Чингиз Айтматов через символические образы и действия своих героев. Обусловленность, которая естественно создается познанием жизни, постепенно становится осознанным инструментом мастеров художественного выражения. Писатель сознательно обращается к нему с просьбой улучшить качество работы по созданию образа. Таким образом, условность - это средство образного, эстетического познания мира.

Ключевые слова: *символ, рассказ, метафора, обычай, сказка, трагедия.*

SYMBOLIC IMAGES IN THE WORKS OF CHINGIZ AITMATOV

Abstract

In this article, the author describes in detail the symbolic images in the work of Chingiz Aitmatov. The most commonly used characters in literary works: textual, epic and dramatic constructions. Along with signs of symbolism, the authors emphasize the ambiguity and abuse of the creation of images by readers. Using the symbols of Aitmatov's works as an example, the author shows that, as an artist of words, he reflects the leading trends of the domestic and world literary process. Chingiz Aitmatov teaches this through the symbolic images and actions of his heroes. Conditionality, which is naturally created by the knowledge of life.

Key words: *symbol, story, metaphor, custom, fairy tale, tragedy.*

Көркөм адабияттагы шарттуулук поэтиканын орчундуу проблемаларынын бири. Көркөм дүйнө өзүнүн бүткүл турган турпаты менен шарттуу. Адабиятты активдүү дүйнөнүн субъективдүү образы деп айтышат. Мындай дегенибиз ал дүйнө тааануунун шартттуу ыкмасы сыяктуу, б.а. аны көркөм образдар аркылуу кабылдоо. Ошентип, шарттуулук дүйнөнү образдуу, эстетикалык таанып билүүсүнүн каражаты.

Адабият таануу илиминде шарттуулука «турмуштагыдай эмес»,«андан башкача» деген туюнтма берилет. Эң эле жөнөкөй мисал, турмушта айбанаттар, жаратылыш сүйлөбөйт, ал эми шарттуулуктун закон ченемдүүлүгү боюнча алар көп учурда адамдын кейпин кийип калат. Демек, турмушту дал өзүндөгүдөй көрсөтүү мүмкүн эместигинен улам пайда болгон көрүнүш биринчи маанидеги табигый шарттуулук деп аталат экен. Аны «Адабият тааануу» терминдеринин сөздүгүндө мындайча түшүндүрүшүптүр: «Литература отражает жизнь в образах, отличных от прототипов… это несовпадения реальности с ее изображением в литературе и исскустве называется условостью или первичной условностью» [1, 368-б]. «Другие писатели предпочитают иносказательный способ обобщения явлений, характерных черт людей. Этот способ получил наименование вторичной условности» [2, 368-б]. Шарттуулуктун мындай түрүнө аллегория, символ, фантастика, гротеск, ал эми троптун түрлөрүнөн метафора жана метонимиялар кирет. Оозеки чыгармачылыктын жанрларынан болсо миф, легенда, тамсил, жомокторду да экинчи шарттуулукта таандык деп эсептешет.

Шарттуулукту фольклордук жана реалистик деп да экиге бөлүштүрүшөт. Булардын аттары эле айтып тургандай, бирөө фольклордо, экинчиси реалисттик адабиятта жашап, ар бири өздөрүнө таандык кызмат аткарат. Эгерде эки шарттуулук кимиси улуу деген маселеге келе турган болсок, албетте алардын байыркы формасы фольклордо жашаган. Анын себеби түшүнүктүү. Ал заманда адам менен табият бир даражада эсептелген. Жаратылыш да адамдар сыяктуу жандуу, «тирүү» деп келип, адамзат пендесинде эмне касиет болсо, жаратылышка да ал толугу менен таандык сыяктуу ойлошкон. Эпостор менен жөө жомоктордо айбанаттар адамча сүйлөп, алар менен мамиле-катнашта турат. Буга «Төштүк» менен « Кожожаш» эпостору мисал боло алат. Турмушту таанып билүүдөн улам табигый түрдө жаралган шарттуулук бара-бара көркөм сөз ээлери атайлап колдоно турган каражатка айланат. Жазуучу ага образ жаратууда чыгарманын сапатын арттыруу үчүн атайлап кайрылат.

Шарттуулук исскустводо байыркы мезгилден бери жашап келе жатат. Анын өзүнүн өнүгүш эволюциясы бар.

Реалисттик исскустводо шарттуулуктун аткара турган кызматы да мол. Бул жөнүндө көрүнүктүү ишмерлердин төмөнкү сөздөрүн эскерсек болот: «Изо всех родов сочинений самые неправаподобные сочинения драматические (А. С. Пушкин). Все должно быть по существу жизненно, не обязательно все должно быть, жизнеподобно. Среди многих форм может быть и форма условная (А. Фадеев) [3, 95–96-б].

Бул жерде келтирилген цитаталарда жалпы эле исскуство, өзгөчө алганда реалистттик адабияттагы шартттулук тууралуу сөз жүрдү. Ал эми көп булактарда шарттуулук айрыкча романтикалык стилдик багыттагы жазуучуларда мол орун алары маалымдалып жүрөт. Мисалга кайрылсак, Н. В. Гоголдун «Мурун» аттуу чыгармасында гротеск абдан ыктуу пайдаланылыптыр. Анын каарманы мурдун жоготуп жиберип, аны издеп кайра таап алыптыр. Муну менен коомдогу ашкан акмакчылыктар сынга алынган. Салтыков-Щедрин «Бир шаардын тарыхы» романында да кызыктуу апыртып сүрөттөөнү колдонот. Шаар башчысы Брудастыйдын башын денесинен бөлүп алууга мүмкүн эмес. Ээси аны кээде чыгарып алып, механизмдерин оңдотуш үчүн устага алып барып берет. Жазуучунун бул аркылуу айтайын деген идеясы — анын башы баш эмес эле, ичи көңдөй бирдеме. Ага каалаган нерсени салып койсо, жарай берет. Бул шарттуу образ аркылуу адамдын кейпи, касиети, сапаты жок маанисин туюнтат. Гротеск аркылуу апыртып сүрөттөөнү Маяковский да мыкты колдоно билген. Ушуга байланыштуу Аскаровдун төмөнкү сөзүн келтире кетүү ылайыктуу. «Там где вещи и явления нельзя изобразить, передать ни в какой адекватной их реальным свойствам в форме, условность возникает как способ, форма выражения этого невозвожного» [4, 99–100-б].

Кыргыз жазуучуларынын чыгармаларына кайрылсак шарттуулуктун мисалдарын көп эле табууга болот. Алсак, фольклордук, символикалык традициялуу образдар булбул менен гүл, алгыр куш менен ак кептер, бүркүт менен кулаалы, алтын менен күмүш, ай күн менен сыяктуулар акындарыбыздын поэзиясында деле туруктуу жолугат. Ж. Бөкөнбаевдин «Ажал менен ар намыс» аттуу романтикалык поэмасындагы шарттуу туюнтмалар өлүм менен өмүрдүн ортосундагы күрөштү туюндурат. Ал эми А. Осмоновдун «Ак саткын менен Мырзауул» поэмасындагы сүйлөшкөн эки жаштын мүрзөсүнүн үстүнө өсүп чыккан кош ак кайың тунук махабаттын эч качан өлбөстүгүнүн символу. «Эшимкандын терегинде» терек да шарттуу образ. Ал кандуу согушка карата болгон элдик көз караштны жана кара ниет адамдардын акыры жакшылык көрбөсүн түшүндүрөт. А. Осмоновдун поэзиясында сөздүн өтмө маанисиндеги шарттуулуктар да көп колдонулат. Мисалы:

Малына күчүм жетпейт деп,
Аксак бут аяз алаңдайт.
Калкына алым жетпейт деп,
Жылаңайлак чилде жалаңдайт.

Мындагы «аксак бут аяз», « жылаңайлак чилде» шарттуу формада — адамдар сыяктуу элестетилип көрсөтүлдү.

Ч. Айтматовдун чыгармаларында шарттуулук өтө көп. Аны бир нече топторго бөлүп кароого болот. Биз бул жерде чыгарманын атына коюлган шарттуу түшүнүктөр тууралуу гана бир аз сөз сала кетели: Мисалы, «Бетме-бет» повестинин аты сырдуу, символикалуу ат. Мында карама-каршы адам мүнөздөрүнүн кагылышы туюндурулат. Ал эми атактуу «Жамийланын» алгачкы аты «Обон» болчу. Аны Александр Твардовскийдин сунушу боюнча кийинки атына өзгөрткөн. Ал эми «Обон» деген алгачкы аты символикалуу, шарттуу маанини туюндурат. «Биринчи мугалимде» сырдуулук, сыйкырдуулук, шарттуулук айылдын чекесиндеги дөбөчөдө өсүп турган кош тереке катылган. Анын мындай өзгөчө касиети чыгарма-

нын прологундагы сүрөттөөдө эле байкалат. «Көчөдө бак деген толуп жатат, бирок бул теректердин бир укмуштуу касиети — алар бөтөнчө үндүү, тил бүткөндөй жандуу теректер. Күнү-түнү тынбай качан болбосун жалбырактар дирилдеп, чайпалган чокулары айкалыша, теректер ар кандай үнгө салып шуулдайт. Бирде жээкке урунган жеке толкундай угулар-угулбас шыпшынып, бирде тымтырс ойлоно калып, сагынычтуу санаага толгондой, алда эмнеге муңкана үшкүрүп, жулкунган шамал булут айдап, бутактарын кайрып тирегенде, теректер бой тиреше чыңалып, «бизди жыга албайсын»дегендей өжөрлөнө күүлөнүшөт» [5, 404-б]. Айткандай эле кош теректе чоң сыр бар экен. Аны повестин башкы каарманы академик Алтынай Сулайманова айылдаш художнике Москвадан жазган катында төкпөй-чачпай баяндап берет.

«Биринчи мугалимдеги» шарттуулук чыгарманын атында эмес, затында, б.а. ички маңызында — кош терек баянында. Ал эми «Саманчы жолуна» келгенде, символдук шарттуулукту теманын өзүнөн эле байкайбыз. Муну биз символдук-легендалык типтеги шарттуулука киргизебиз. Чыгармада «Саманчы жолу» миф-легендасы бир нече жолу эскерилип, ошонун баардыгында ал каармандардын өмүр-тагдырындагы кандайдыр бир бурулуш учурларга туш келип, өзүнчө идеялык-көркөмдүк жүк көтөрүп турат.

Повестеги көркөм шарттуулуктун дагы бири «Жер эне» менен «Толганай эненин сүйлөшкөнү».Бул диалог чыгарманын бүтүндөй композициялык курулушун аныктап, анын бүтүндүгүн камсыз кылып турат. «Жер эне» «Толганай» сыяктуу эле өзүнчө бир образдык кызматты аткарат. «Жер эне» бүтүндөй адамзат пендесине таандык, орток деп айтсак да туура болот. Ал төгүлүп-чачылган берекенин, калыстык менен айкөлдүктүн символу сыяктуу. Бул тууралуу профессор Аскаров мындай дейт: «Своеобразие композиционного строя повести вызвана не стремлением автора произвести эффект или желанием добиться внешней броскости, необычности.Цель его — глубокое и всесторонние раскрытие идейного замысла. Образ земли органически входит ткань произведения, обогащает его. Земля — единое целое людьми. В этом заключено значение «мостика» перекинутого от неправда — подобности к правде» [6, 99–100-б].

«Эрте жаздагы турналар» повести көп жагынан автобиографиялуу, анткени анда сүрөттөлгөн негизги окуяны автор өз башынан кечирген жана ал тууралуу «Манас атанын ак кар, көк музу» аттуу макаласында айтып берген. 7-класста окуп жаткан беш бала Султанмураттын жетекчилиги менен Ак-сай деген жерде дың бузууга киришет. Ошол убакта кырсык болуп, уруулар алардын коштогу мыкты аттарын алып кетишет. Ошондо Султанмурат алар менен жекеме-жекеге чыгып, кармашка түшөт…Чыгармада ага коюлган ат символикалуу-контекстүү. Турналардын эрте келиши жаз менен жайга жакшы жышаан деген карыялардын сөзү бар экен. Султанмурат мына ошол символ сөзгө ынанып, алар айдаган талаага конгонукеле жаткан турналардын артынан тызылдап чуркайт. Максаты, эптеп бирөөнү кууп жетип, канатынан бир тал үзүп калып, ошону төлгө катары Мырзагүлгө көрсөткүсү келген. Бирок тилегине жетпеди, куштар кайра асманга көтөрүлүп кетишти.Ушул жерде Г. Гачевдин бир сөзү эске түшөт.Ал мындай деп жазган экен: «Ранние журавли — символ необходимый в мире Айтматова, который здесь на тех же правах, что и «Белый пароход и мать-олениха предыдущей повести» [7, 240-б]. Демек, «Эрте жаздагы турналар» деген чыгарманын аты токчулукту, жакшы маанай, жалындаган үмүттү символдоштуруп турат.

«Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөткө» келсек, мындан да символдук-шарттуулук мазмун камтылып турат. Чыгармада ал атка берилген түшүндүрмө мындай: «Ала-Дөбөт булуңунун колтугунда деңизди омуроолой жиреп кире турган аска бар. Алыстан караан көзгө чын эле деңиз жакалай жорткон Ала-Дөбөткө окшоп кетет. Боорунда иттин кеч түшкөн даакысындай ала чокул өскөн бадалы бар. Жайкы чилдеге чейин кетпей жатчу мөңгүсү шалпаң кулак өңдөнүп, төбөсүнөн бир жагы ылдый салаңдап турат. Тескейиндеги жука чабында агарган кар көпкө эрибей жатат. Ошондон улам аталып калган Ала-Дөбөт деңизден болсун, токойдон болсун алда кайдан көрүнөт».

Чыгармада Ала-Дөбөт жогорку сүрөттөөгө караганда туулуп өскөн жердин символу сыяктуу элестейт. Нивхилер үчүн «Ала-Дөбөт» ыйык, анын карааны алыстан көрүнгөндө, алар атасын көргөндөй сүйүнүшөт. Повесте балыкчылардын бардыгы өлүп, жалгыз Кириск кайыкта эси ооп жатканда « Ала-Дөбөттүн» караны алыстан көзалдыга тартыла түшөт. Ошондо бала акыркы күчүн жыйнап, башын көтөрүп, эптеп тырмышып жатып, кайыктын кырына чыгып отурат. Караса «тек маңдайында деңиздин кара көк жонун ашып баланы көздөй Ала-Дөбөт жортуп келатыптыр.Кайран гана Ала-Дөбөт!». Г. Гачев бул повест жөнүндө мындай деген оюн билдириптир. «Два сюжета обнаруживаются в повести: в глубине и на поверхности. Во сне — мифе — любви и наяву: в жизни — в труде — охоте — во вражде — войне. Сюжет мифолога-романтическо — фантастической сказки и сюжет бытово-реалистической, в обстоятельствах места, времени и прагматики житейской. И первый помощи, красоте и исполнению когда и заливает, затмевает второй в повести Айтматова» [8, 255-б]. Бул сөздөн биздин чыгаралы деп турган корутундубуз мындай: жазуучуда мифолого-романтикалык-фантастикалык сюжет басымдуулук кылып, чыгарманын бүтүндөй кан-жүлүнүн аралап өтүп жаткандыгы бул анда шарттуу-символдук учурлар арбын дегенди түшүндүрөт.

Повесте чыгарманын атындагы символдон башка дагы жеке маанидеги шарттуулуктар кездешет. Мисалы, «улуу туман» — кара күч, «бакадагы суу» — өмүрдүн символу. Улуу туман тарабай мергенчилердин баары өлүп, жалгыз гана бала калат. Кыргыз элинде өлүмгө жакындаган адамдын «суусу түгөндү» деген каймана, өтмө маанидеги түшүнүгү бар. Ошол сыңары бочкадагы суу бүтсө, баланын жылдызы да өчмөк. Баса, бул жерде жылдыздын да символикасы бар. Ал жарыкчылыкты, жакшылыкты элестетип турат. Асманда жылдыз көрүнгөндө Кириск эми аны кайра батып, кетпей, ага күч кубат берип, тура туруусун тилейт. Ошентип символдор биринин артынан бири уланып чыгып отуруп, муну менен чыгарманын идеялык-көркөмдүк салмагы артат.

Жазуучунун «Кассандра тамгасы» аттуу романында да символдор көп кездешет. Мисалы, тамга кыргыз тилинде илгертен жашап келет. Ал көбүнчө малдын, өз-

гөчө жылкынын санына басылып, муну менен ал мал кимге тиешелүү экендигин туюнткан. Эл сөздөрү колдонгон желек-тууларына да, символ-тамга колдонушкан. Алсак, «Манаста» жыгачтын башына ай тамгасынын сүрөтү түшүрүлүүчү экен. Элибизде «маңдайыма жазганды көрөм» метафоралык символ дагы бар. Муну менен адамдын тагдыры эненин курсагында жатканда эле аныкталат деген маанини туюнтулган. Ч. Айтматов да ушул элдик шарттуу философияга таянып отуруп, аны чыгармага ыктуу киргизген. Романда мындай деп жазылат: «Тавро Кассандры — это знак беды, крохотный сигнал о великой нашей беде, неожиданной прежде, неведомой людям» [9, 104-б]. Демек, ал шарттуу белги, болгондо да жаманчылыктын сигналы.Бул тамга боюна бүткөн аялдын чекесине чыккан темгил түрүндө көрүнөт экен да, бир аз мезгилден кийин жоголуп кетет экен. Чекесине Кассандра чыккан аялдын жатынындагы түйүлдүк кандайдыр бир жаманчылыкты элестетип турат имиш. Муну генетик-окумуштуу Крыльцов (Филофей) ачыптыр.

«В повести «Белый пароход» Чингиз Айтматов выразил в образе Мальчика символ добра, надежды, любви к окружающему его миру»,— деп Г. Мурзахмедова жазган [10, 115-б].

Жыйынтыктап айтканда, Айтматовдун чыгармаларынын дээрлик көпчүлүгүнүн аты шарттуу-символдук мааниге ээ болуп турат. Алардан башка да бир катар повестеринде, романдарында символдор өтө көп.

Адабияттар

1. *Новиков Н. И. Энциклопедический словарь юного литератураведа / Н. И. Новиков.— Москва: Педагогика, 1988.— 416 с.*
2. *Новиков Н. И. Энциклопедический словарь юного литератураведа / Н. И. Новиков.— Москва: Педагогика, 1988.— 416 с.*
3. *Аскаров Т. Эстетическая природа художественной условности / Т. А. Аскаров.— Фрунзе: Илим,1966.— 157 с.*
4. *Аскаров Т. Эстетическая природа художественной условности / Т. А. Аскаров.— Фрунзе: Илим,1966.— 157 с.*
5. *Айтматов Ч. Гүлсарат.— Фрунзе: Кыргызстан,1978.— 551 — б.*
6. *Аскаров Т. Эстетическая природа художественной условности / Т. А. Аскаров.— Фрунзе: Илим,1988.— 157 с.*
7. *Гачев.Г. Чингиз Айтматов и мировая литература. / Г. Гачев.— Фрунзе: Кыргызстан,1982.— 285 с.*
8. *Гачев.Г. Чиниз Айтматов и мировая литература. / Г. Гачев.— Фрунзе: Кыргызстан,1982.— 285 с.*
9. *Айтматов Ч. Тавро Кассандры. / Айтматов Ч.— Москва: Эксмо,1995.— 200 с.*
10. *Мурзахмедова Г. Вымысел и факт в художественной литературе. /Г.Мурзахмедова.— Б., 2003.— 159 с.*
11. *Мамытбекова Ч. Сюжетно-композиционная структура повести "Прощай, Гульсары" Ч.Айтматова / Ч.Мамытбекова // Вестник БГУ им.К.Карасаева. – 2008. – №1. – С.122-127*